«Бекитем»
Д23.20.611 Диссертациялык кеңешинин
төрагасы, саясий жана юридикалык
илимдеринин доктору, профессор
Канатбек Азиз
____________________
«26» ноября 2020-ж.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук Академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту менен Ж. Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдындагы саясий жана социология илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражаларын изденип алууга жазылган диссертацияларды коргоо боюнча түзүлгөн 23.00.02-саясий институттар, процесстер жана технологиялар менен 22.00.04-социалдык түзүлүш, социалдык институттар жана процесстер багыттарында Д23.20.611 Диссертациялык кеңешинин отурумунун «26» ноября 2020-ж. № 3 протоколунан**

# КӨЧҮРМӨ

**Бишкек шаары** **2020-жылдын ____-ноябры**

**Катышкандар:**
1.Канатбек Азиз – саясий и.д., юрид.и.д., профессор (Диссертациялык кеңешинин төрагасы)
2.Абдрашев А.Б. - саясий и.д., профессор (Диссертациялык кеңешинин төрагасынын орун басары)
3.Акунов А.А. - тарых и.д., профессор
4.Артыкбаев М. Т. – саясий и.д., филос.и.д., профессор
5.Донoнбаев А.Д. - саясий и.д., профессор
6.Жоробеков Ж Ж - саясий и.д., профессор
7.Исаев К.И. – филос. и.д., профессор
8.Мендибаев Н. - социология и.д., доц.
9.Нурова С.С. - социология и.д., профессор
10.Сааданбеков Ж.С. - саясий и.д., профессор
11.Салморбекова Р.Б. - социология и.д., профессор
12.Абдыраманова Ч. Ш – саяс.и.к. (окумуштуу катчы)
**Катышпай калгандар:**
13.Омуралиев Н. А.- социология и.д., доц. (эл-аралык онлайн-конференцияга катышуу)
14.Сайтбеков А.М. - саясий и.д., доц. (пандемияга байл-у жабылган мамл. чек аралар)
**Тыштан катышкандар:**
Нурматова Г.А. – саяс.и. канд. доц. (Ж. Баласагын атындагы КУУ)
Шаршебаева Т.Ш. – экон.и. канд. доц.м.а. (КР Улуттук илимдер академиясы)
Дуйшо кызы Нуржан – саяс.и. канд. доц. м.а. (КР Президентине караштуу Мамлекеттик башкаруу академиясы)
Казак кызы Нургул – саяс.и. канд. доц. (Ж. Баласагын атындагы КУУ)

**Күн тартиби**
3. Эксперттик комиссиялардын чечимдерин карап чыгуу:
3.1. Абдыраманова Чолпон Шабданбаевнанын «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге билим берүү боюнча мамлекеттик саясат» аттуу темадагы 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын алдын ала коргоосу.

**Отурумдун төрагасы саясий жана ю.и.д., профессор Канатбек Азиз:** Сөз окумуштуу катчынан милдетин аткаруучусуна соц.и.д., профессор Р.Б. Салморбековага берилет.

**окумуштуу катчынын милдетин аткаруучусу, соц.и.д., проф. Салморбекова Р.Б.:** Диссертациялык ишти карoo үчүн 02 ноябрь 2020 – жылы төмөнкү курамдагы эксперттик комиссия дайындалган: Төрагасы: саясий илимдеринин доктору, профессор Абдрашев Акунжан Баказович, Комиссиянын мүчөлөрү: саясий илимдеринин доктору, профессор Донoнбаев Алим Донoнбаевич, саясий илимдеринин доктору, профессор Сааданбеков Жумагул Сааданбекович.

Абдыраманова Чолпон Шабданбаевнанын «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге билим берүү боюнча мамлекеттик саясат» 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган диссертациясын карап чыгышкан. Илимий жетекчиси: тарых илимдеринин доктору, профессор Акунов Аалыбек Акунович

Диссертациялык иш Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.А. Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө институтунун саясий жана мамлекет башкаруу боюнча көйгөйлөр бөлүмүндө аткарылган. Изилдөө ишинин негизги жоболору жана тыянактары илимий конференцияларда жакталып, илимий журналдарга 31 макаласы жарыяланган. Изилдөө ишинин натыйжалары Кыргыз Республикасынын Президентинин алдындагы мамлекеттик башкаруу академиясында, Борбордук Азия университетиндеги окуу процесстеринде колдонулган. Диссертациялык иш киришүүдөн, төрт главадан, корутундудан, колдонулган адабияттардын тизмесинен жана тиркемелерден турат.

**саясий жана ю.и.д., профессор Канатбек Азиз:** Урматтуу кесиптештер, Илимий иштин жоболору менен тааныштыруу үчүн сөз изденүүчү Абдыраманова Чолпон Шабданбаевнага берилет. Убакыт 10 мүнөт.

**Абдыраманова Ч.Ш.:** Чоң рахмат! (диссертациялык иш боюнча жалпы маалымат)

**саясий жана ю.и.д., профессор Канатбек Азиз:** Урматтуу кесиптештер Биз изденүүчүнүн диссертациялык ишинин негизги жоболору менен тааныштык. Диссертациялык иштин структурасы, маани маңызы боюнча суроолор болсо изденүүчүгө берсеңиздер болот. Сөз философия жана саяс.и.д., профессор М.Т.Артыкбаевке берилет.

**саясий.и.доктору, филос.и.доктору, проф. М.Т. Артыкбаев:** Иште статистикалык маалымат бар экен, бирок анализ жетишсиз. Кайталоолор жана тафтология бар экен арасында.

**саясий.и.доктору, проф. Жоробеков Ж.Ж.:** Тема актуалдуу, бирок автор көп эмгектерди пайдаланган эмес. Мамлекеттик кызматкерлерди окутуунун башкы себеби эмнеде? Менин оюм боюнча, механикалык түрүндө эле берилип жатат окутуу курстары. Мына, сен финансы органда иштейсинби? Финансы гана боюнча окутуудан өткөрүшөт. А бирок негизги нерсе – бул мамлекеттик кызматкердин рухий жагына көңүл бурулган жок. Нравалык жана моралдык жагын дагы окутушубуз керек! Өзгөчө жаш мамлекеттик кызматкерлерди. Көп учурда этикалык нормаларды билишпейт кызматкерлер! Аларды окутуш керек, анда кеп жок, бирок баалуулуктар жөнүндө дагы тематика болуш керек! Албетте, диссертациялык советтин мүчөлөрү жана эксперттер кайсы илимий жаңылыкты коштуңар деп ошону карайт. Жалпысынан алганда – мен бул ишти коргоого сунуштайм.

**соц.и.доктору, проф. С.С.Нурова:** Диссертациянын темасы актуалдуу, бирок өзгөчө көңүлдү иштин илимий жаңылыгына буруу керек. Жалпысынан Ч.Ш. Абдыраманованын диссертациялык иши илимий-теоретикалык деңгээлде аткарылган. Биздин берген рекомендацияларды эске алып коргоого сунуштайм.

**соц.и.доктору, доц. Н. Мендибаев:** Сиз мамлекеттик кызматкерлерге билим берүү саясатын изилдедиңиз, ушул жаатта болгон процесстерди этаптарга бөлүнүптүр, бирок айырмачылыктарын терен көрсөтүү керек эле. Мен диссертацияны коргоого сунуш кылам.

**саяс.и.доктору, проф. Ж.С. Сааданбеков:** Жалпысынан автореферат менен таанышуунун негизинде автордук позицияны күчөтүү керек. Стилистикалык жактан карап чыгыш керек! Айтылган каалоолорду талапкер эске алат деп ойлойбуз, ошонун негизинде диссертациялык ишти коргого сунуш кылса болот.

**соц.и.доктору, проф. К.И. Исаев:** Тарыхчылар, социологдор, политологдор, философдор билим берүү системасын жалпысында жакшы изилдеген, бирок ушул тармакта -

мамлекеттик кызматкерлердин кесиптик квалификациясын жогорулатуу жагынан изилдөөлөр анда-санда эле болууда. Менин оюмча диссертант ишинде политологиялык анализди өзгөчө баса көрсөтүш керек. Мен да диссертацияны коргоого сунуш кылам.

**Отурумдун төрагасы саясий жана ю.и.д., профессор Канатбек Азиз:** Суроо барбы ? Суроо жок болсо, анда экспертке сөз берилмекчи.

**Сунуштар, саясий.и.доктору, проф. Ж.С. А.Б. Абдрашев:** Урматтуу төрага жана диссертациялык кеңештин мүчөлөрү, эксперттик комиссиянын бүтүмү менен тааныштырууга уруксат бериңиздер; Сунушталган "*Абдыраманова Ч.Ш. «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге билим берүү боюнча мамлекеттик саясат»* аталышындагы диссертациясы, диссертациялык кеңештин профилине дал келет. Иштин мазмуну 23.00.02 саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистигине толук кандуу дал келет. Максаты, милдети, предмети, обьектин баарын карап чыктык. Ч.Ш. Абдырамановanын доктордук диссертациясы боюнча жетектөөчү мекеме жана оппоненттер тууралуу төмөнкүлөрдү сунуштайм:

- **жетектөөчү мекеме** катарында "Кыргызстан эл аралык университетинин" Окуу-илимий-өндүрүштүк комплексинин Социалдык-гуманитардык илимдер кафедрасы сунушталат, анда тиешелүү адистер иштейт жана кошумча адистер чакырылат;
- **биринчи расмий оппонент** саясат таануу илимдеринин доктору, профессор **Донoнбаев Алим Донoнбаевич** (автореферат боюнча адистиги – 23.00.02), изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1) Донoнбаев А.Д. Кыргызстан. Политическая культура. Человек и государство. [Текст] / А.Д. Донoнбаев. – Б.: КРСУ, 2002. – 476 с.
2) Донoнбаев А.Д. Институт политической культуры человека в контексте взаимодействия общества и государства [Текст] / А.Д. Донoнбаев // Вестник Кыргызско-Российского Славянского университета. – Б.: 2002. – № 3. – С.3-13.
3) Донoнбаев А.Д. Взаимосвязь, государства и общества: политико-культурологическое видение [Текст] / А.Д. Донoнбаев // Социальные и гуманитарные науки. – Б.: 2001. - №1-2. – С. 25-31.

- **экинчи расмий оппонент** саясат таануу илимдеринин доктору **Токтосунова Адаш Искендеровна** (автореферат боюнча адистиги – 23.00.02), изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1) Токтосунова А.И. Базисные ценности народов Евразии – приоритет духовного над материальным [Текст] / А.И. Токтосунова // Вестник Челябинского государственного университета. – Челябинск.: 2007. - С. 12-19.
2) Токтосунова А.И. Этнокультурная идентичность и диалог в условиях глобализации [Текст] / А.И. Токтосунова. – Б.: 2007. – 306 с.
3) Токтосунова А.И. Идентичность и диалог культур как политический процесс в условиях глобализации [Текст]: автореф. дис. ... докт. полит. наук: 23.00.02 / А.И. Токтосунова. – Б.: 2009. - 39 с.

- **үчүнчү расмий оппонент** саясат таануу илимдеринин доктору **Мухтаров Марс Мухтарович** (автореферат боюнча адистиги – 23.00.02), изилденүүчү проблемага жакын эмгектери бар:

1) Мухтаров М.М. Информационно-коммуникационные технологии в политическом маркетинге в Кыргызской Республике [Текст] / М.М. Мухтаров // Международный журнал Гуманитарные и естественные науки. – Новосибирск.: Капитал, 2018. – - № 3. - С. 111-114.
2) Мухтаров М.М. Трансформация кыргызской власти на политическом рынке [Текст] / М.М. Мухтаров // Научно-практический журнал Научный прогресс. – Уфа.: Инфинити. 2018. - № 3. - С. 89-90.
3) Мухтаров М.М. Политический маркетинг как социальное явление [Текст] / М.М. Мухтаров // Международный научный журнал Актуальные проблемы развития науки, образования и интеграции ВУЗов. – Ош.: 2015. - № 2 - С. 129-131.

Диссертациялык кеңештин комиссиясы берилген документтерди карап чыгып, Кыргыз Республикасынын Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д.23.20.611 Диссертациялык кеңешине Абдыраманова Ч.Ш. «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге билим берүү боюнча мамлекеттик саясат» 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин кандидаты окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациялык ишин кабыл алууну сунуштайт.

**Отурумдун төрагасы саясий жана ю.и.д., профессор Канатбек Азиз:** Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетинин алдында уюштурулган саясий илимдеринин доктору (кандидаты) окумуштуулук даражасын коргоо боюнча түзүлгөн Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешине Абдыраманова Чолпон Шабданбаевна «Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге билим берүү боюнча мамлекеттик саясат» 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган кандидаттык диссертациясын ачык коргоого сунуштайт.

Урматтуу Диссертациялык кеңештин мүчөлөрү эксперттик комиссиянын сунуштарын эске алуу менен жетектөөчү мекемени жана расмий оппоненттерди дайындайбыз. Мындай сунушка макул болгондор добуш берип койсоңуздар. Кеңештин мүчөлөрүнүн макулдугу менен коргоо күнүн 2020-жылдын 29-декабры деп дайындалды.

Добуштун жыйынтыгы “макул”- 12, “каршы” – жок, “калыс”- жок. Бир добуштан кабыл алынат.

**Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешинин уюштурулган отуруму**

**ТОКТОМ КЫЛАТ:**

3. Абдыраманова Чолпон Шабданбаевнанын “Мамлекеттик жана муниципалдык кызматкерлерге билим берүү боюнча мамлекеттик саясат” аттуу темадагы 23.00.02 - саясий институттар, процесстер жана технологиялар адистиги боюнча саясий илимдеринин доктору окумуштуулук даражасын изденип алуу үчүн жазылган доктордук диссертациясынын ачык коргоосу Кыргыз Республикасынын Улуттук илимдер академиясынын А.Алтмышбаев атындагы философия, укук жана социалдык-саясий изилдөө Институту жана Ж.Баласагын атындагы Кыргыз улуттук университетине караштуу Д 23.20.611 Диссертациялык кеңешинде өткөрүлмөкчү, коргоо күнү 2020-жылдын 29-декабрь саат 14.30.

**Диссертациялык кеңештин окумуштуу катчысынын милдетин аткаруучу, соц.и.д., проф.** **Р.Б. Салморбекова**

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН УЛУТТУК ИЛИМДЕР АКАДЕМИЯСЫНЫН А. АЛТМЫШБАЕВ АТЫНДАГЫ ФИЛОСОФИЯ, УКУК ЖАНА СОЦИАЛДЫК-САЯСИЙ ИЗИЛДӨӨЛӨР ИНСТИТУТУ ЖАНА Ж. БАЛАСАГЫН АТЫНДАГЫ КЫРГЫЗ УЛУТТУК УНИВЕРСИТЕТИНЕ КАРАШТУУ ДИССЕРТАЦИЯЛЫК КЕҢЕШ Д 23.20.611
ЧЫГЫШ №
«26» нояб. 2020 ж.